УДК: 821.512.154
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/1-618-627

**Саматов Кубатбек**
филология илимдерин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
samat.zhumaliev.71@mail.ru

# ПЕЙЗАЖ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА (А. ТОКОМБАЕВДИН ЫРЛАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ)

**Аннотация.** Бул макалада кыргыз поэзиясындагы пейзаж белгилүү акын А.Токомбаевдин ырларынын негизинде иликтенет. Теманын актуалдуулугу пейзаждын филологиялык жактан кыргыз тилчилери жана адабиятчылары тарабынан конкреттүү изилденбегендиги менен түшүндүрүлөт. *Пейзаж -* көркөм чыгарманын мазмундук жана композициялык бөлүктөрүнүн бири, табияттын сүрөттөлүшү, тышкы дүйнөнүн ар кандай ачык мейкиндиги. Текст *мейкиндиги* - чындыктын бардык объектилеринин ажырагыс касиети, *көркөм мейкиндик* – автордун чыгармачылыгын туундусу, аны сөз менен туюнтуунун эстетикалык жолу, *хронотоп* - убакыт жана мейкиндиктин биримдиги.

Адамзат айлана-чөйрөнү *көрүм, даам, жыт, угум* жана *тери сезимдери* аркылуу кабылдап, бу же тиги психологиялык-эстетикалык маанайларга дуушар болору маалым. Ушул сезимдер системасына жараша көркөм текстте образдар системасы жаралат: *кейипкер, зат, ой, баштан кечирүү (переживание), добуш, көрүм (түс палитрасы, форма, контур), даам, жыт, тактил.*

Макалада адегенде Токтогул менен Жеңижоктун ырларындагы пейзаж маселеси каралат, андан соң А. Токомбаевдин төрт пейзаждык ырына кеңири сересеп салынат. Ал ырлардагы зат, түс, үн, даам, жыт, угум жана тери сезим образдары иликтенет жана аларды далилдөөчү ыр саптары мисалдарга тартылат. Ошондой эле образдарды жаратууга катышкан метафоралар, перифразалар, салыштыруулар жана перифразалар аныкталат.

Жогорудагы болмуш мейкиндиги, көркөм мейкиндик категориялары көркөм чыгармаларды иликтөөгө теориялык жобо жана метод катары кызмат кылат. Макаладагы жыйынтыктар кыргыз тилиндеги көркөм-адабий чыгармалардагы пейзажды иликтөөгө белгилүү даражада салым кошот жана аларды окутууга жардам берет.

**Негизги сөздөр:** Пейзаж, көркөм чыгарма, көркөм мейкиндик, образдар (зат, ой, ой толгоо, көрүм, даам, жыт, угум, тери сезими), кыргыз акындарынын пейзаждык ырлары.

**Саматов Кубатбек**
доктор филологических наук,
Кыргызкий государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
samat.zhumaliev.71@mail.ru

# ПЕЙЗАЖ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ (на основе стихов А. Токомбаева)

**Аннотация.** В данной статье рассматривается пейзаж в кыргызской поэзии на примере стихотворений известного поэта А. Токомбаева. Актуальность темы обусловлена тем, что пейзаж до сих пор не изучался кыргызскими лингвистами и литературоведами в филологическом аспекте. Пейзаж – одна из содержательно-композиционных частей художественного произведения, описание природы, любого открытого пространства внешнего мира. Текстовое пространство – неотъемлемое свойство всех объектов действительности, художественное пространство – производное авторского творчества, эстетический способ его словесного выражения, хронотоп – единство времени и пространства.

Известно, что человечество воспринимает окружающую среду посредством зрения, вкуса, обоняния, слуха и кожных ощущений, переживая то или иное психоэстетическое настроение. В зависимости от этой системы чувств в художественном тексте формируется система образов: персонаж, предмет, мысль, переживание, звук, зрение (цветовая палитра, форма, контур), вкус, обоняние, осязание. В статье сначала рассматривается проблема пейзажа в стихотворениях Токтогула и Женижока, затем подробно анализируются четыре пейзажных стихотворения А. Токомбаева. Изучаются образы материи, цвета, звука, вкуса, обоняния, слуха и кожных ощущений в этих стихотворениях, а в качестве примеров приводятся подтверждающие их стихи. Также выявляются метафоры, сравнения и перафразы, участвующие в создании образов.

Вышеуказанные категории объективного и художественного пространства служат теоретической основой и методом изучения произведений искусства. Результаты статьи вносят определённый вклад в изучение пейзажа в литературных произведениях на кыргызском языке и помогают в их преподавании.

**Ключевые слова:** Пейзаж, художественное произведение, художественное пространство, образы (объекта, мысли, созерцания, зрения, вкуса, обоняния, слуха, осязания), пейзажные стихотворения кыргызских поэтов.

**Kubatbek Samatov**
Doctor of Philological Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after Arabaev
Bishkek c.
samat.zhumaliev.71@mail.ru

## LANDSCAPE IN KYRGYZ POETRY
## (based on the poems of A. Tokombaev)

**Abstract.** This article examines the landscape in Kyrgyz poetry based on the poems of the well-known poet A. Tokombaev. The relevance of the topic is explained by the fact that the landscape has not yet been studied in a philological aspect by Kyrgyz linguists and literary scholars. The landscape is one of the content-compositional parts of a literary work, the depiction of nature, any open space of the external world. Textual space is an integral property of all objects of reality; artistic space is a derivative of the author's creativity, an aesthetic way of verbal expression; chronotope is the unity of time and space. It is known that humanity perceives the environment through vision, taste, smell, hearing, and tactile sensations, experiencing various psycho-aesthetic moods. Depending on this system of senses, a system of images is formed in the literary text: character, object, thought, experience, sound, vision (color palette, shape, contour), taste, smell, touch. The article first considers the issue of landscape in the poems of Toktogul and Jenijok, and then provides a detailed analysis of

four landscape poems by A. Tokombaev. The images of matter, color, sound, taste, smell, hearing, and tactile sensations in these poems are studied, with supporting lines from the poems cited as examples. Metaphors, paraphrases, comparisons, and periphrases involved in the creation of these images are also identified. The above-mentioned categories of objective and artistic space serve as a theoretical basis and method for the study of literary works. The results of the article make a certain contribution to the study of landscape in literary works written in Kyrgyz and assist in their teaching.

**Keywords:** Landscape, literary work, artistic space, images (object, thought, contemplation, vision, taste, smell, hearing, touch), landscape poems of Kyrgyz poets.

*Изилдөөнүн объекти* – кыргыз поэзиясындагы пейзаж.

*Изилдөөнүн предмети* – пейзаж жана табият образдарын камтыган ырлар.

*Изилдөөнүн максаты* – кыргыз поэзиясындагы пейзажды изилдөө, алардын өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

*Изилдөө методдору*: сыпаттоо, системалык жана сандык талдоо.

*Пейзаж* (французча paysage, pays – өлкө, жер) көркөм чыгарманын мазмундук жана композициялык бөлүктөрүнүн бири: табияттын сүрөттөлүшү, кененирээк – тышкы дүйнөнүн ар кандай ачык мейкиндиги. Табиятка эстетикалык мамиле жасоо - адамзаттын тарыхында бир топ кийин жаралган кубулуш. Пейзаж фольклордо антропоморфтук, ал эми байыркы эпостордо мифологиялык мааниге ээ болсо, көркөм сөз образдуулугунун маанилүү компоненти катары XYIII кылымда гана жаралган. Пейзаж көркөм адабиятта ар түрдүү милдет аткарат: субъективдүү, сыпаттоо, символикалык, психологиялык, урбанисттик, фондук, композициялык, тематикалык ж.б. [1, 272; 2, 732-733; 3, 219-223]. Демейде, пейзаж фольклордо, эл акындарынын чыгармаларында сейрек, ал эми кесиптик көркөм адабиятта кадыресе зарыл компонент катары жыш жолугат.

Пейзаж көркөм чыгармада дайыма автордун дүйнө таанымын чагылдырат жана анын үч элементи, үч деңгээли бар: пейзаж деталдары, пейзаждык картина, пейзаждык чыгарма. Жогорку проблемалар боюнча илимпоздордун арасында бир пикир жок. Көркөм-адабий чыгармалардагы пейзаж проблемасы Н. Ю. Абузова [4], С. Х. Алмалчи Хамид [5], Цзинь Тяньхао [6], Н. А. Субхонкулова [7] ж. б. илимпоздордун эмгектеринде изилденип келет.

Пейзаждын милдети - каарманга социалдык-психологиялык мүнөздөмө берүү, адам менен дүйнөнүн, адам менен коомдун ортосундагы өз ара байланыштын маңызын даана жана образдуу чагылдыруу.

Албетте, пейзаж – мейкиндик, көркөм чыгарманын композициясынын бир маанилүү компоненти. Анын жаралышы тууралуу Ю.М. Лотман минтип жазган: *«Особый характер зрительного восприятия мира, присущий человеку и имеющий результатом то, что денотатами словесных знаков для людей в большинстве случаев являются некоторые пространственные, зримые объекты, приводит к определенному восприятию словесных моделей»* [8, 265].

XX кылымдын аягында – XXI кылымдын башындагы филологиялык эмгектерде бул багыттагы илимий категориялар бир топ өрчүдү, такталды. Текст *мейкиндиги* категориясы - чындыктын бардык объектилеринин ажырагыс касиети экендиги; *көркөм мейкиндик* - физикалык жана философиялык аспектилери сөз менен ишке ашыруунун эстетикалык жолу болорлугу; тексттин мейкиндиги *объективдүү/субъективдүү; концепттик/көркөмдүк; чыныгы көркөм/ирреалдуу; ачык/жабык; кеңейтүүчү/тарытуучу;*

*конкреттүү/абстракттуу; реалдуу көрүнүүчү/кыялый* болуп бөлүнөрү; *хронотоп* - убакыт жана мейкиндик алардын биримдиги экендиги аныкталды [9, 182].

Адатта адамзат айлана-чөйрөнү беш - *көрүм, даам, жыт, угум* жана *тери сезимдери* аркылуу кабылдап, бу же тиги психологиялык-эстетикалык маанайларга дуушар болору маалым. Ушул сезимдер системасына жараша көркөм текстте образдар системасы жаралат: *кейипкер, зат, ой, баштан кечирүү (переживание), добуш, көрүм (түс палитрасы, форма, контур), даам, жыт, тактил* [10, 22].

Чыгарма дүйнөнүн көркөм текстке жана акыркынын кайра көркөм дүйнөгө айланышынан тургандыктан, алар кыскача төмөнкү формулада чагылдырылат: *«продуцент > көркөм дүйнө > көркөм чыгарма > көркөм текст»* жана *«реципиент > көркөм текст > көркөм чыгарма > көркөм дүйнө > продуцент»* [10, 13]. Көркөм дүйнө менен реалдуу дүйнөнүн ортосунда дал келүүчүлүк жок.

Тышкы факторлор адамдардын сезүү органдарына (көрүм, даам, жыт, угум, тактил) бирдей даражада таасир тийгизет, бирок ар бир тил перцепциялык маалыматтарды тил өкүлдөрүнүн жашоо шартына жараша ар түрдүүчө концепттештирет жана айрым перцепциялардын актуалдуулугун (тактилдик жана даамдык перцепциялар башкаларга караганда зарыл) көрсөтөт [11].

Адам тышкы дүйнөдөн алган маалыматтардын 75-80 пайызын көрүм сезими аркылуу алгандыктан, анын ичинде түстү жана жарыкты кабылдоо белгилүү орунду ээлейт. Филологияда түс жана жарык кубулуштарын билдирген лексемалардын көркөм образдык касиеттери терең изилденген: С.В.Шармар [12], О.А.Богданова [13], Н. В.Гуреева [14], О. В.Седова [15], М. Г Волкова [16], П. В Перелыгин [17], Л.П.Прокофьева [18], Е.В. Безмен [19], В.Д Охониёзов [20].

Ж.А. Бубырева ар кыл структурадагы тилдердеги тери сезимин (тактилдик) вербалдаштырган лексикалык жана фразеологиялык бирдиктердин семантикаларын когнициялык аспектте [21], Н.В. Гутова даам жана тактилдик маанилерди туюнткан сын атточтордун көркөм тексттердеги синкретизмин [22] иликтешкен. Тилчи илимпоз Н.В. Атаманова акын Ф.И. Тютчевдин идиолектиндеги *звук*, *шум*, *шуметь*, *звучать*, *крик*, *гул*, *греметь*, *звон*, *клич*, *вопль*, *гам*, *треск*, *клик*, *грохот*, *свист*, *стон* лексемаларынын семантикаларын ар тараптан изилдөөгө алган [23]. А.А. Колупаева орус тилиндеги *жыт* (запах) концептин жана аны репрезентациялоо жолдорун анализдейт [24].

Перцепциялык таасирлер шарттаган көркөм образдар курамы кыргыз фольклорунда, эл акындарынын көркөм туундуларында, кесипкөй жазуучулардын чыгармаларында ар кыл даражада кезигет.

Мисалы, көрүм образдарын жараткан өң-түс лексикасы Токтогулдун «Дүнүйө», «Аккан суу» аттуу философиялык ырларында жолугат. «Келеринде - кетеринде» антитезасына негизделген «Дүнүйө» аттуу ырында аталган лексикалык каражаттар арбын. Жогорку парадигманын биринчи бөлүгү *ай, күн, ай менен күндөй жарык, алтын жагоо куш, алтын така тулпар, алтын тутка түркүк, көк болот шамшар-канжар, ак үйгө салган айнек, ала кар, караңгы тамда чырак, айчыгы алтын туу, булутсуз тийген күн, түңкү жарык ай, жайкалган ыраң чөп, жашыл гүлдүү жай, кавкар, жакут чырак* лексемаларынан куралат. Мисалдар даана көрсөтүп тургандай, нак өң-түс сөздөрү, жарык чыгарган түстүү заттардын үлүштөрү белгилүү даражада арбын. «Аккан суу» ырындагы өң-түс сөздөрү: *кара жер, кара кыр, кызыл-тазыл гүл, жашыл ала ыраң чөп, жашыл майдан, көк (чөп), ак тулпар* [25, 64-69].

Жеңижоктун «Аккан суу» аттуу ырында өсүмдүктөр (суунун кудурети менен жашаган), жаныбарлар, тоо-таш, адамдар, табият кубулуштары ж.б. таасын элестете сүрөттөлүп, өзгөчө таасирдүү пейзаж жаралган. *Көркөм мейкиндиктеги* кыялый дүйнөнү куроого төмөнкү өң-түс сөздөрү жана салыштырма конструкциялар катышат: *алтын канат, жез куйрук балык, күмүш канат, ак кыя, көк жалгаяк аска, көк торпулуу көк жар, ак асаба боо, боппоз (чөл), алабата, көк беде, ак сокто, кара таш, ак жекте, кара шибер, көк майдан, көк өгүз, ак кепин, ай тамагын кылайтып ( < кыла – ак), ак көйнөгүн булайтып ( < була - ак), ак сакал, акбоз бээ, таң кашкайып ( < кашка малдын маңдайындагы ак ), ак шамал (кыртышы ак боз топурактан турган өзөндөн соккон шамал), кара буу* [26, 268-276].

Адатта аккан суу жөнүндөгү ырларда дүйнө таанымдын эмпириялык баскычынан өйдө көтөрүлө албаган кыргыз элинин карапайым аң-сезиминин негизинде жаткан суу - баарынын башаты, ансыз дүйнө болмок эмес деген философиялык (түбөлүктүү) ой чагылдырылат. Бул, философиялык ой, алибетте, байыркы жана орто кылым философиясында жаратылышты түшүнүүгө аракеттенип, төрт элемент - жер, суу, аба жана от бардык материянын жаралышынын материалы - деп санаган натурфилософиянын постулаттарына үндөш.

Кыргыз тилинде үн адамдардан, жаныбарлардан, заттардан жана жаратылыш кубулуштарынан чыгат. Даам, жыт, жана тери сезимдерин вербалдаштырган лексемалар аз.

Аалы Токомбаевдин *«Күздүн кечи», «Көктөм ырынан», «Жайдын ырынан», «Күздүн ырынан», «Кыштын ырынан», «Жайкы таңда», «Жашасын жаз!», «Күзгү Чүй», «Жаздын жашыл гүлдөрү»* аттуу ырларындагы пейзаждарда өң-түс сөздөрү негизги компонент катары кызмат кылат.

А.Токомбаевдин *«Жайкы таңда»* аттуу бул ыры анын кадыресе кесипкөй акын катары калыптанган мезгилине таандык. (1948). Ырдын көлөмү: 27 куплет (6 саптан), 134 сап, 460 сөз. Бул лирикалык ырда жайкы таңдын ажайып картинасы - пейзажы - тартылат [27, 308-312].

Зат образдар (денотаттар): *таң, көл, тоолор, чоку, асман, мейкин, алтын көз (күн), төр, дүйнө, чыгыш (восток), таш, зоо, пароход, Ысык-Көл, жел, күн нуру, коо, мөңгү, желек, аңчылар, жер, кызгалдак, кыраң, белес, талаа, эгин, булак, аска, бүркүт, бута, чымчык, шүүдүрүм, гүл, кой, козу, улак, чебич, эчки, серке, укурук, жылкычы, жылкы, чакчыгай, кулун, бээ, мама (бээнин желини), чака, келин-кыздар, үй, музоо, жуурат, чанач, канжыга, жайлоо, балдар, чал, мал, кеме, жибек, келин, сүт.*

*Чексиз асман кара көк//Көк сыр менен жапкандай. (308).Таң кашкайды, мен турдум,//Көрөйүн деп көлүмдү.//Коргон жасап койгондой//Ак чач тоолор көрүндү. (308).//Таң тамылжып, көк жүзү,//Жылмайгандай көрүндү. (309).*

Түстүү заттар: *алтын, нур, күн, сүт, кан, жалын, карагат, кызгалдак, гүл, зумруд, сымап, өрт, чок. (13).* Мисал*: Кызыл макмал кызгалдак//Кыраң өрткө толгондой//Ыксыраган эгиндер//Зумруддай байкалат. (310).*

Түстөр: *ак – 4; көк - 1; кара көк - 1; тамылжы - 2; көпкөк – 2; кызыл – 2; көпкөк – 2; жашыл – 5; кара – 1; тор(у) – 3. (10 сөз).* Мисал*:Көлүм көпкөк, жер жашыл//Кечте, сайма болгондой//Кызыл макмал кызгалдак//Кыраң өрткө толгондой. (310).*

Перифразалар: *жашыл нооту, алтын көз, көк көзү. (6 сөз).* Мисал*: Алтын көзү асмандын//Уктагансыйт ойгонбой (308)//Жашыл нооту жамынып//Белес жатат ойгондой. (310).*

Салыштыруулар*: сүткө канды кошкондой, чайкагансып алтынга, жалын өңдүү, кыраң өрткө толгондой, зумруттай (эгиндер), өрттөгөнсүп асманды (күн), чоктой (жылкы), жашыл жибек (кең жайлоо). (16).* Мисал*: Ыксыраган эгиндер//Зумруддай байкалат (308).*

*//Кубулушкан мөңгүлөр//Алдагансыйт көзүмдү//Сүткө канды кошкондой//Чыгыш нурга көшүлдү. (310).*

Угум: *шылдыр, ыйлаган, сүйлөгөнсүйт (булак), буркурап (жел), зыркырап (бүркүттөр), тырпырап (чымчыктар), мекиренип (кой), бакылдап (улак-теке), ышкырышты (жылкычы), ышкырды (чакчыгай), шыңгырап (кулун), окуранып (бээ), "мөө" деди (музоо), былдырашып (балдар). (12).* Мисал: *Жашыл төрдүн атыр жел//Сылап жатты буркурап//Аскадагы бүркүттөр//Чабыттады зыркырап//Бутактагы чымчыктар//Учуп чыкты тырпырап. (311).*

Тери сезими: *жел. Мисал: Бүйрөлөнгөн Ысык-Көл//Таңкы желге чайпалды.(309).//Жибек желге тор талаа//Ойку-кайкы чайпалат. (310).*

А.Токомбаевдин *«Күздүн кечи»* аттуу ыры акындын кесиптик телчигүү маалында 1929-жылы жазылган. Көлөмү: 18 куплет (4 саптан), 72 сап, 222 сөз.

Чыгарманын жанры - лирикалык ыр. Ырдын борборунда турган лирикалык каарман күз мезгилинин бир кечине көз салып, анын толук пейзажын – картинанын бир бөлүгүн реципиенттин көз алдына элестетет [27, 73-75].

Чымыр денелүү, жайнаган сурма көздүү, чийкил өңдүү, узун чачтуу, кыйгач каштуу карындаштын орок оруп, боо байлаган кары-жаштан калышпай иштеши, сабаты жок кедей-дыйкандарга дем алуу маалында өзү менен кошо ала жүргөн гезит-журналдарды окуп бериши, карындаштын максаты – окуу, жумуш экендиги элестүү чагылдырылган.

Пейзажды жаратууга айланадагы төмөнкү компоненттер катышат.

Зат образдар (денотаттар): *талаа, бак, суу, куш, жел, күн, булут, тоо, нур, жер, жемиш, орок, боо, дыйкан, кары-жаш, карындаш (селки), чач, каш, бет, тер, жел, көз, өң, мурут, дан, балдар, кагаз, калем, журнал, гезит, таң, кан, шам, илим, максат, курбу, эмгек, ишчи. (40).*

Түстүү заттар (жарык чыгаруучу): *алтын, сымап, күн, нур, суу мончок, зер. (6).* Мисал*: Балбылдаган жалындуу күн//Из калтырбай артына//Жерде жемиш, эмгектүү үн//Жер толкутат зер менен. (74).*

Түстөр: *сапсары, сарылык, аппак, чийкил, кер, кыпкызыл.(6).* Мисал*: Сапсары алтын тулку бермет //Сансыз талаа келбети//Сарылыкка түсүн бербейт//Бедер-беде бир чети. (73).*

Угум: *шылдырап, чуу, бирдемелеп былдырап. (4).* Мисал*: Бак аралап сымаптай суу//Ыргып ойнойт шылдырап//Түркүн куштар өзүнчө чуу//Бирдемелеп былдырап. (74).*

Тери сезими: *жел, салкын, таттуу, жагымдуу. (4).* Мисал*: Мамык желдер бетке салкын//Өбөт бетке таттуу, жагымдуу. (74).*

Салыштыруу: *өрт алгандай кызыл нур, сымаптай, суу мончоктой тер. (3).* Мисал*: Аппак булут, аскар тоолор//Өрт алгандай кызыл нур. (74).*

Перифраза: *сапсары алтын тулку бермет (талаанын келбети).*

А.Токомбаев *«Көктөм ырынан», «Жайдын ырынан», «Күздүн ырынан», «Кыштын ырынан»* аттуу ырлар түркөмүндө жылдын көктөм, жай, күз жана кыш мезгилдеринин пейзаждары элестүү даана тартылат [27, 174-176].

Зат образдар (денотаттар): *жер, жаз, кумурска, келгиндер (куштар), уя, суу, тукаба, төр, талаа, торгой, аары, бал, дары, чал, бакча, дарбыз, жүзүм, анар, шербет, тордомо (коон), шабдаалы, кожогат, жаңгак, саратан, кар, эгин, алтын. (27).*

Түстүү заттар: *байчечекей, кызыл калкан көпөлөк, мандалак*, *гүл, карагат, кар. (6).* Мисал*: Сөйкөгө тизген шурудай//Кожогат көзгө кадалат//Сурмалуу кара көзгө окшойт//Салкында бышкан карагат. (176).*

Түстөр: *жашыл, кызыл, сары, аппак, кара. (5).* Мисал*: Мына, мына аппак кар//Аппак карда алтын бар//Ак пактадай аппак кар//Ак кар сенде алтын бар. (176).*

Метафоралар: *тукаба (көк майсаң).* Мисал*: Тунук суута бойлойлук//Тукабага ойнойлук. (176).*

Перифразалар: *аппак жибек (кар).* Мисал*: Аппак жибек, аппак кар//Аппак кар сенде алтын бар... (176).*

Салыштыруулар: *жалындай, шамындай, жерге килем жайгандай, сайма сайгандай, куудай, сары алтын менен жапкандай (жердин бети), берметтей, акактай, ак пактадай. (9).* Мисал*: Жаңы чыккан мандалак//Араң колго кармалат//Чачып турган жалындай//Чырагдандын шамындай. (174).*

Угум*: торгой мактап ырдашат, марттыгын ырдап тил жетпейт. (2).* Мисал*: Төр талааны сырдашат//Торгой мактап ырдашат. (174).*

Тери сезими: *араң колго кармалат (мандалак).*

Даам сезими*: анардын кочкул ширеси, кыялдан бүткөн шербеттей. (174).*

А.Токомбаевдин *«Жаздын жашыл гүлдөрү»* аттуу ыры качан жазылгындыгы тууралуу кабар жок. Ырдын көлөмү: 21 куплет, 147 сап, 447 сөз. Чыгарманын жанры - лирикалык ыр. Ырдагы лирикалык каарман жаз мезгилинин бир күнүнүн керемет көрүнүшүн добуш, көрүм, даам, жыт, тери сезимдери менен так-даана байкап, реципиентке ажайып пейзажын тартуулайт [27, 433-437 бб].

Зат образдар (денотаттар): *жаз, турна, өрдөк, каз, чөп, жер, гүл, жакут, жан-жаныбар, төл, соолук, козу, кой, короо, боз келин, упчу, кызыл тил, эмчек, музоо, көз, бото, төө, кулун, торопой, мегежин, мандалак, айгыр, жал, чүрөк, жер кыртышы, тракторчу, койчу, өтүк, кийим, жаштык, макабат, ак сакал чал, балдар, симфония, дүйнө (45).*

Түстөр: *жашыл, боз, ак, мала, кызыл, жээрде, кашка, кара, кыпкызыл, коло жүздүү (10).* Мисал*: Келгин куштай адашпай//Жашыл канат жаз келди (433) //Дайым жашыл, дайым жаш//Жылдын таңы – жаз келди (433).*

*Жашыл лексемасы «жаштык» семасын да туюнтат:Жаздын жашыл гүлдөрү//Жаш өмүрдөн өрмөлөп//Күчөп күнгө умтулган//Симфония өңдөнөт//Жаздын жашыл күүлөрүн//Ырдап жатат дүйнөгө (437).*

Түстүү заттар*: шам, жакут, күмүш, пакта, седеп, тил, башат, ак куу, чок, коло (11).* Мисал*: Жашыл жакут жер бетин//Каптап алган өңдөнөт (434). //Коло жүзү жайдары//Колдорунда сезилбейт//Мурдагыдай кычысы (436).*

Угум: *мекиренди шыбырап, маарашты, бышкырды, боздоп, сыздап, “мөө” дешет, кишенип, мөөрөдү, чиңкилдейт, күңкүлдөйт, азынашып зиркилдейт, ышкырат, бышкырат, кобурашат күңкүлдөп, ырдап жатат (18).* Мисал*: Жандуу седеп үч козу//Телмирише маарашты (434) //Кулундары кишенеп//Музоолору мөөрөдү//Топчу тумшук, шиш куйрук//Торопойлор чиңкилдейт (436).*

Тери сезими*: жылытса, нукуп, кысып, кармалап.* Мисал*: Нукуп-нукуп келинге//Маарап айтты: “болду ушу” (435).*

Жыт сезими: *Торгоп койгон үч козу//Үйрүлүшүп жытташып//Бирин-бири кайтарды. (434).*

Салыштыруулар: *шамдай, седеп, ак башаттай, чок чачкандай, бильярддын шарындай, унга салган калактай. (6).* Мисал*: Жашыл шамдай кыбылжып//Ыраң чөптөр созулду (433).//Унга салган калактай//Аппак сакал чалдары (437).*

Метафора: *дөңгөлөк (күн).(2). Жерди көктөн жылытса//Күмүш нурдуу дөңгөлөк. (434).*

Перифраза*: жандуу пакта (бир короо кой), кара жылдыз (музоонун көздөрү).* Мисал*: Кой короодон козголсо, //Жандуу пахта байкалды. (434).*

А.Токомбаевдин *«Жайкы таңда», «Жаздын жашыл гүлдөрү», «Жайкы таңда»* жана *«Жаздын жашыл гүлдөрү»* аттуу ырлары – кыргыз поэзиясындагы пейзаждык лирикалардын мыкты үлгүлөрү.

Зат образдары (денотаттар). Булар - ошол пейзаждын өзөгүн - фонун түзгөн кадыресе заттар (көркөм каражаттарды курамындагы заттар эсепке алынган жок). Ушулардын өзү эле жайкы таңдын кашкайып, тамылжып атышын, күндүн жылмайып чыгышын, жайылышын, кыргыз жайлоосундагы мал-жандыктардын жанданышын, көлдүн көгөрүшүн, кыраңдагы кызгалдардын кооздугун таасын тартканга өбөлгө түзүшөт.

Зат образдары тематикалык жактан ар кыл: мейкиндиктеги нерселер; өсүмдүктөр; кубулуштар; адамдар, алардын дене мүчөлөрү; суу; артефакттар; канаттуулар; жаныбарлар; тамак-азыктар; жер-жемиштер; маданий-агартуу предметтери; жыл мезгилдери; кымбат баалуу табигый заттар; адам куракктары. Булардын өздөрү эле пейзаждын кыргыз жергесине таандык экендигин түз далилдейт.

Түстүү заттар: *алтын, нур, күн, сүт, кан, жалын, карагат, кызгалдак, гүл, зумруд, сымап, өрт, чок, сымап, суу мончок, зер, бай чечекей, кызыл калкан көпөлөк, мандалак*, *карагат, кар, шам, жакут, күмүш, пакта, седеп, тил, башат, ак куу, чок, коло.*

Түстүү заттардын аттары метафора, перифразалар, салыштыруу, эпитет сыяктуу көркөм сөз каражаттарынын тутумдарында кеңири жолугуу менен, пейзаждык штрихтерди, көрүнүштөрдү жана толук кандуу пейзаждык чыгарманы жаратууга жардамдашат.

Түс образдары. Поэтикалык туундуларда төмөнкү түстөр гана жолугат: *ак, көк, кара көк, тамылжы, көпкөк, кызыл, көпкөк, жашыл, кара, тор(у), боз, мала, жээрде, кашка, кыпкызыл, сапсары, сары, аппак, чийкил, кер, кыпкызыл, аппак.*

Жогорку маалыматтар даана көрсөтүп тургандай, ырларда спектр түстөрүнөн *көгүлтүр, сары кызыл (оранжевый), кызгылт көк (фиолетовый)* түстөрү жок, ал эми “түс + түс” конструкциялары, абстракттуу, жеке (мала), (тору, жээрде), конкреттүү өң-түс сөздөрү сейрек.

Түстүү заттар жана түс образдары реципиенттин утурумдук эмоциялык абалдарын (кубануу, таң калуу, суктануу ж.б.), узакка созулган маанайларын, туруктуу сезимдерин (ата журттуу кадырлоо, даңазалоо ж.б.) жаратат, калыптандырат жана өстүрөт.

Продуцент тарабынан жаралган салыштырма конструкциялар жана семантикалык моделдер түс континуумунун гармониялуу сегменттерин шайкеш чагылдырган түс көрүмүнүн адекваттуу вербалдык туюнтмалары катары кызмат кылат.

Үн образдары. Булактын, канаттуулардын (бүркүт, чакчыгай, чымчык, торгой), мал-жандыктардын (кой, улак-теке, жылкы, кулун, бээ) табигый үндөрү жаздын жашыл күүлөрүн чертип, симфония ойноп жаткандай элес калтырат жана реципиенттин угум дүйнөсүнүн сезимдерин кытыгылап, утурумдук сыйкырдуу пейзаждын музыкалуулугун арттырат.

Пейзаждагы лирикалык каармандын психологиялык абалы анын тери сезими аркылуу кабылдаган маалыматтарга да байланыштуу.

*Мамык// жибек, таңкы// атыр//салкын жел; өбөт таттуу жагымдуу, араң колго кармалат (мандалак), жылытса, нуку, кыс, кармала* лексикалык элементтери каарманга тийгизген таасирлерди туюнтат.

Макаладагы жыйынтыктар адабий-көркөм чыгармалардагы пейзаждарды ар тараптан иликтөөгө жана аларды орто, кесиптик жана жогорку окуу жайларында окутууга жардам берет.

**Адабияттар**

1. Литературный энциклопедический словарь. - М.: Сов. энциклопедия, 1987. - 752 с.
2. Литературная энциклопедия терминов и понятий. – М.: НПК «Интелвак», 2001. – 1600 стб.
3. Хализев В.Е. Теория литературы. М.: «Академия», 2009. – 432 с.
4. Абузова Н. Ю. Типология пейзажа в лирике Ф. И. Тютчева: автореф. дисс. … канд. филол. наук. – Самара. – 2000. – С. 26.
5. Алмалчи Хамид С. Х. Цветопись и звукопись в романе И.С. Тургенева «Дворянское гнездо»: авт. дисс. … канд. филолог. наук. – Орел, 2022. – С. 23.
6. Цзинь Тяньхао. Пейзаж и тема природы в творчестве А.П. Чехова: авт. дис. … канд. филолог. наук. – М.: 2022. – С. 31.
7. Субхонкулова Н. А. Художественное отражение природы в таджикской прозе XX-рубежа XXI вв.: авт. дисс. … канд. филол. наук. - Душанбе – 2023. – С. 27.
8. Лотман Ю. М. Структура художественного текста. М., «Искусство», 1970. – 384 – С. 265.
9. Болотнова Н.С. Филологический анализ текста: учеб. пособие/Н.С. Болот нова. - 4 е изд. - М.: Флинта: Наука, 2009. – 520 с.
10. Савельева В.В. Художественный текст и художественный мир: соотнесенность и организация: авт. дис. … д-ра филол. наук. – Алматы, 2002. – С. 50.
11. Лаенко Л. В. Перцептивный признак как объект номинации: авт. дисс. … д-ра. филол. наук. - Воронеж. – 2005. - С. 40.
12. Шармар С.В. Взаимодействие лексико-семантических полей цвета и света в лирике Б.Л.Пастернака: авт. дис. ... канд. филол. наук. - Москва, 1999. - 26 с.
13. Богданова О.А. Цвето- и светообоначения как одна из форм прагматического фокусирования в структуре художественного текста: на материале прозы Г. Грасса: авт. дисс. ... канд. филол. наук. - Санкт-петербург, 1999. - 26 с.
14. Гуреева Н. В. Поэтика романа Л. Н. Толстого "Анна Каренина": бессознательное, художественное время, цветовая образность: бессознательное, художественное время, цветовая образность: дисс. ... канд. филол. наук. - Новгород, 2006. - 166 с.
15. Седова О. В. Поэтика цвета в прозе Е.И. Замятина: дисс. ... канд. филол. наук. – Елец, 2006. – 200 с.
16. Волкова М. Г. Способы обозначения цвета и света в художественных произведениях старофранцузского периода (XI-XIII вв.) и их переводах на современный французский язык: дис. ... канд. филол. наук. - Москва, 2007. - 180 с.
17. Перелыгин П. В. Цветообразная поэтика в творчестве С.А. Есенина и Н.М. Рубцова. Опыт сопоставительного анализа: дисс. ... канд. филол. наук. – Тамбов, 2008. – 188 с.
18. Прокофьева Л. П. Звуко-цветовая ассоциативность в языковом сознании и художественном тексте: универсальный, национальный, индивидуальный аспекты: авт. дисс. ... докт. филол. наук. – Саратов, 2008. – 56 с.
19. Безмен Е.В. Цветовой компонент в поэтике Георга Тракля: авт. дисс. ... канд. филол. наук: 10.01.03. - Москва, 2010. - 24 с.
20. Охониёзов В.Д. Цветовая символика в персидско-таджикской классической поэзии: авт. дис. ... д-ра филол. наук. - Душанбе, 2010.- 53 с.
21. Бубырева Ж. А. Когнитивные основы номинаций осязательного восприятия (на материале русского, французского, английского языков): авт. дисс. ... канд. филол. наук.

– Белгород. – 2011. – С. 23.
22. Гутова Н. В. Семантический синкретизм вкусовых и осязательных прилагательных в языке и художественном тексте: авт. дисс. ... канд. филол. наук. – Новосибирск. – 2005 – С. 21.
23. Атаманова Н. В. Семантика звукообозначений в поэзии Ф.И. Тютчева: авт. дисс. … канд. филол. наук. – Курск. – 2006. – С. 21.
24. Колупаева А. А. Концепт *запах* и способы его репрезентации в русском языке: авт. дис. ... канд. филол. наук. – Тамбов. – 2009. – 23.
25. Токтогул Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. I том, Ф.: Кыргызстан. – 1968. – 303 бет.
26. Мурас. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 448.
27. Токомбаев Аалы (Балка). Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. I том, Ф.: Кыргызстан, 1972. – 642.

**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Сыдыкова Т.**